КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин XXVIII-чакырылышынын IV-кезектеги сессиясынан**

# ТОКТОМ

**2024-жылдын 26-июну № 37** **Барскоон айылы**

**Жайыт пайдалануучулардын бирикмесине акча каражатын бөлүп берүү жөнүндө**

Барскоон айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жайыт пайдалануучулардын бирикмесинин жетекчиси Т.Жорубековдун кайрылууларын угуп талкуулап, жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Барскоон айылдык кеңешинин 2024-жылдын 19-январындагы сессиясында Барскоон айыл өкмөтүнүн 2024-жылга бекитилген бюджеттинде”Барскоон-Сервис” муниципалдык ишканасынын ишмердүүлүгүн токтотпой иш алып баруусун камсыздоо максатында айыл чарба техникасына тетиктерди жана шаймандарды алып берүүгө бөлүнгөн 400 000 (төрт жүз миң) сом, Жайыт пайдалануучулардын бирикмесине жайыт иштерин иш алып барууга чыгымдалсын.
2. Бөлүнгөн акча каражатын максаттуу чыгымдоо жагы Жайыт пайдалануучулардын бирикмесинин жетекчиси Т.Жорубековго милдеттендирилсин.
3. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин расмий веб-сайтына жарыялоого тиешелүү электрондук иш кагаздарын жиберүүгө жана юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн иш кагаздарын алып баруу жагы жергиликтүү кеңешинин жооптуу катчысы Н.Шабданбаевга тапшырылсын.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңешинин финансы-экономикалык туруктуу комиссиясына жана айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.Т.Асанбаевге тапшырылсын.

**Төрага** **М.Ибаков**

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, төрага – 1 нуска, баардыгы – 5 нуска